**«БЕКИТИЛДИ»**
НМУнун Окумуштуулар кеңешинин
төрайымы, ректор, профессор
_____________ Омуралиева Д.К.
«_26_» _май_________ 2016-жыл.

**С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетине абитуриенттерди максаттуу кабыл алуу жөнүндө**
**ЖОБО**

1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27-май, 2011-жылдагы №256 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы менен абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу жөнүндө Жобонун» 4-бөлүмүнүн, КР Билим берүү жана илим министрлигинин 14-июнь, 2016-жылдагы №879/1 «Жогорку окуу жайларына мамлекеттик билим берүү гранттары боюнча 2016-2017-окуу жылына кабыл алуу планын бекитүү жөнүндө» буйругунун жана С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин (мындан ары – НМУ) Кабыл алуу комиссиясы жөнүндө Жобонун негизинде иштелип чыкты.

2. Бул Жобого ылайык НМУда 2016-2017-окуу жылына айрым адистиктер боюнча абитуриенттерди максаттуу кабыл алуу жарыяланат.

3. Максаттуу кабыл алууга орундар жана алардын багыттар (адистиктер) боюнча бөлүнүшү КР Билим берүү жана илим министринин буйругу (№879/1, 14-июнь, 2016-жыл) менен аныкталган.

4. Максаттуу даярдоо боюнча конкурска жалпы республикалык тестирлөөдө босого баллынан жогору баллдарды алган жана Нарын облусунун райондук мамлекеттик администрацияларынын (айыл өкмөттөрүнүн) же Нарын шаардык мэриясынын жолдомосу менен келген абитуриенттер катыша алат.

5. Конкурс ар бир багыт (адистик) боюнча максаттуу даярдоо боюнча тапшырып жаткан абитуриенттердин арасында, жалпы негизде гранттык орундарга тапшырып жаткан абитуриенттер менен бирдей мөөнөттө жүргүзүлөт.

6. Максаттуу даярдоо боюнча конкурстун жеңүүчүлөрү НМУнун Гранттык комиссиясынын чечиминин негизинде кабыл алууга сунушталат. Толук кабыл алынуу үчүн абитуриент Гранттык комиссиянын чечиминен 2,5 күн өткөнгө чейин тиешелүү документтерди, анын ичинде абитуриент, НМУ жана мамлекеттик орган тарабынан кол коюлган максаттуу даярдоо жөнүндө үч тараптуу келишимди (формасы тиркелет – 2-тиркеме) кабыл алуу комиссиясына тапшырууга тийиш.

7. Эгер биринчи турдан кийин максаттуу даярдоого вакантык орундар калса, НМУнун Гранттык комиссиясы экинчи турга максаттуу даярдоо орундарына конкурс жарыялайт. Эгер экинчи турдан кийин да максаттуу даярдоого вакантык орундар калса, НМУнун Гранттык комиссиясы КР Билим берүү жана илим министрлигинин макулдугу менен үчүнчү турга максаттуу даярдоо орундарына конкурс жарыялайт.

9. Үчүнчү турдан кийин калган максаттуу даярдоонун вакантык орундары жалпы негизде тапшырып жаткан абитуриенттерге берилет.